DOI:10.26104/NNTIK.2022.99.87.010

*Жапаров А.Б.*

# НАРЫН ОБЛУСУНУН ТУРИСТТИК АЙМАКТАРЫНЫН МАРШРУТТАРЫН ТҮЗҮҮ

*Жапаров А.Б.*

# СОЗДАНИЕ МАРШРУТОВ ТУРИСТИЧЕСКИХ РАЙОНОВ НАРЫНСКОЙ ОБЛАСТИ

*A. Japarov*

# CREATION OF ROUTES OF TOURIST AREAS OF NARYN REGION

*УДК: 338.48 (575.2)*

*Нарын облусунун туристтик потенциалы бир кыйла жогору. Бирок аны майнаптуу колдонуу үчүн облустагы туристтик аймактардын такталган маршруттарын түзүп чыгуу абзел. Мында экотуризмге чоң көңүл буруу, анын алкагында ар түрдүү туристтик өнүмдөрдү иштеп чыгуу, аларга баруучу маршруттарды түзүү, туристтик бизнестин натыйжалуу болуусу үчүн бардык маселелерди алдын ала караштыруу чоң мааниге ээ болот. Эң оболу экотуризмдин артыкчылыктуу багыттарын аныктап, мына ошолорду өнүктүрүүгө күч-аракет, каражат жумшаган туура. Биздин макалада Теңир-Тоо аймагындагы туристтик маршруттар, алардын келечектүүлүгү туурасында сөз жүрөт. Негизинен туристтик агымды туура башкаруу маселесине көнүл буруу керектиги белгиленет. Дал ошондуктан туристтик аймактардын маршруттарын түзүү экономиканн бул тармагын интенсивдүү өнүктүрүүгө өбөлгө түзөт.*

***Негизги сөздөр:*** *Нарын облусу, туризм, аймактар, маршруттар, экотуризм, башкаруу, экономика.*

*Туристический потенциал Нарынской области достаточно высок. Однако для его эффективного использования необходимо создание детальных маршрутов туристических районов региона. В этом случае очень важно уделять внимание экотуризму, развивать в его рамках различные туристские продукты, создавать маршруты к ним, заранее продумывать все вопросы, чтобы туристический бизнес был эффективным. В первую очередь правильно определить приоритетные направления экотуризма и вкладывать силы и средства в их развитие. В нашей статье рассказывается о туристических маршрутах в районе Тенир-Тоо и их перспективах. В основном отмечается необходимость адаптации к проблеме правильного управления туристическим потоком. Именно поэтому создание маршрутов туристических зон способствует интенсивному развитию этого сектора экономики.*

***Ключевые слова:*** *Нарынская область, туризм, регионы, маршруты, экотуризм, управление, экономика.*

*The tourism potential of Naryn region is quite high. However, for its effective use, it is necessary to create detailed routes of tourist areas in the region. In this case, it is very important to pay attention to ecotourism, to develop various tourist products within it, to create routes to them, to consider all issues in advance for the tourism business to be effective. First of all, it is right to determine the priority areas of ecotourism and invest effort and money in their development. Our article talks about tourist routes in the Tenir-Too region and their prospects. Basically, it is noted that it is necessary to adapt to the problem of proper management of the tourist flow. That is why the creation of routes of tourist areas contributes to the intensive development of this sector of the economy.*

***Key words:*** *Naryn region, tourism, regions, routes, ecotourism, management, economy.*

Экотуризм экономиканын жогорку кирешелүү тармактарынын бири катары өзүнүн тез өнүгүү темптери менен кылымдын экономикалык феномени катары таанылган.

Көптөгөн өлкөлөрдө туризм иш менен камсыз кылууда жана кошумча жумуш орундарын түзүүдө чоң роль ойнойт, экономиканын транспорт жана коммуникация, курулуш, айыл чарба, маданият, искусство, эл керектөөчү товарларды өндүрүү жана башкалар сыяктуу негизги тармактарына оң таасирин тийгизет [4].

Ошондой эле экотуризмдин негизги максаты катары рекреациядан адынуучу экономикалык пайданын, эс алуу үчүн колдонулуучу жаратылыштын экологиялык коопсуздугунун жана адамдардын табият менен баарлашуудан алган ырахатынын ортосундагы алакаларды айкалыштыруу башкача айтканда жаратылыш менен адамдардын ортосундагы мамилени жакындатуу болуп саналат. Акыркы убакта дүйнөлүк коомчулук тарабынан экологиялык туризм жаратылышты пайдалануунун туруктуу, үнөмдүү формаларынын бири катары каралууда [1].

Учурда Нарын облусунда экотуризмди жана айыл туризмин (агротуризм) өнүктүрүүнүн артыкчылыктуу багыттары бар.

Облус ички туризмди өнүктүрүүгө да, чет элдик жарандарды кабыл алууга да салым кошкон тарыхыймаданий мурастарга жана жаратылыш рекреациялык ресурстарга ээ болгондуктан акыркы убактарда дүйнөнүн ар тарабынан туристтердин агымы көбөйүүдө, бул аймак башка облустарга салыштырмалуу тоолуу, мал киндиктүү болгондуктан, жаратылышы жана айыл турмушу кыргыздын нукура жашоо тиричилигин чагылдырып турат.

Ошондуктан жаратылыш сүйүүчүлөр жана чоң шаарлардын жашоочулары табигый, экологиялык жактан таза чөйрөдө эс алууга агылышууда.

Бирок туризмди туура башкарууда, тейлөөдө, кызмат көрсөтүүдө чоң көйгөйлөр бар. Ал көйгөйлөрдүн бири облустун туристтик маршрутун иштеп чыгуу, облустун аймактар боюнча туристтик объектилерин аныктап туризмдин түрлөрүнө жараша райондорго бөлүп жана туристик маршруттарын иштеп чыгуу

**актуалдуулугу** турат. Анткени Нарын облусунун туристтик обьектилеринин жайгашуусу боюнча маршруттар толук иштелип чыккан эмес. Туристтик маршруттарды иштеп чыгуу аймактардын туризм индустриясынын өнүгүү келечегине таасирин тийгизет.

Анткени облустун ар бир районунда туристтерди өзүнө тартуучу жаратылыш рекреациялык ресурстар тарыхый маданий жайлар көп.

Аймак Улуу Жибек жолунун боюнда жайгашып, тарыхый жана маданий эстеликтер, аймактын укмуштуудай кооз жана оригиналдуу жаратылыш ландшафттары, жагымдуу географиялык абалы жана өзгөчө климаты бул аймакты адаттан тышкары кылат. Алсак Көл-Суу, Чатыр-Көл сыяктуу уникалдуу жана атактуу көлдөрдүн бири бар, бул объекттер ички туристтерди гана эмес, чет өлкөлөрдөн бул объекттерге туристтердин агымы жыл бою токтобойт мисалы, Германиядан, Австралиядан, Россиядан, Израильден, Финляндиядан, Швециядан, Норвегиядан келет

Аймакта тоо туризмин өнүктүрүүдө алардын маршруттарын иштеп чыгууда жети негизги артыкчылыктуу багыттары бар:

1. Экотуризм.
2. Улуу Жибек Жолунун маршруттары боюнча туризм.
3. Маданий-тарыхый жана руханий-диний туризм.
4. Жайлоо туризми.
5. Ат туризми.
6. Агротуризм.
7. Ден соолукту чыңдоо туризми (кымыз менен дарылоо) [3].

Мындан тышкары облустун аймагында картада жок көптөгөн табигый туристтик жайлар, эс алуучулар үчүн атайын жайар бар.

Жогоруда белгилегендей туризмди өнүктүрүүнүн негизги көйгөйлөрүнүн бири – туристтик объекттер кайсы жерде жайгашканы жана туристтер үчүн кандай кызматтар жана шарттар көрсөтүлө тургандыгы тууралуу туристтик маршруттардын жоктугу көп маселелерди жаратат.

Туристтер бара турган объекттерди тандоодо эстеликке же жаратылыш объекттерине чейинки аралык жана жолдун транспорт каражаттары үчүн ыңгайлуулугу, объектке экскурсанттарды алып келүү мүмкүнчүлүгү, бул объектти курчап турган жаратылыш чөйрөсү, объекттин жайгашкан жерине ылайыктуу жердин болушу эске алынышы керек [2].

Туристтердин көбү кызмат көрсөтүүгө жана төлөмгө кызыгышат. Райондо туристтик маршрутту өнүктүрүүдө бардык шарттарды киргизүү зарыл. Эгерде объективдүү туристтик маршрут түзүлсө, облуста туристтердин агымын көбөйтүү үчүн жакшы мүмкүнчүлүктөр ачылып, туристтер өз маршруттарын аныктай алышат.

Туристтик маршруттарды иштеп чыгуучу объектилер катары:

Соң-Көл көл. Жумгал районунда орун алган, деңиз деңгээлинен 3013 метр бийиктикте турат, тереңдиги 13,2 метр.

Чатыр-Көл. Тянь-Шандагы эң бийик тоолуу жерде жайгашкан. Деңиз деңгээлинен 3000 миң метр бийиктикте жайгашып, 5-6 ай бою тоңуп турат.

Таш-Рабат кербен сарайы. Таш-Рабат Ат-Башы районунда адамдын колу менен курулган, кызыга турган тарыхый эстелик. Бул дүйнөлүк маанидеги эстеликтердин катарында кирет.

**Кошой Коргон.** Кошой Коргон Улуу Жибек жолунун боюнда курулган байыркы чеп болуп саналат.

Салкын-Төр **улуттук паркы.** Парк эс алуу жайы, табигый кооз жер. Нарын шаарынан 12-километр чыгышта, Алыш айылынын батыш чет жакасынан башталат. Нарын суусунун сол өйүзүндө жазылыгы 50-60 м өндүрдө жайгашкан.

**Каратал-Жапырык мамлекеттик коругу**. Нарын областынын Нарын жана Акталаа райондорунун аймагында, Соң-Көлдүн түштүгүндө, Коргоо тоосунун түш-чыгышында, Кажырты суусунун оң курамы болгон Каратал менен Жапырык сууларынын алаптарында жайгашкан. Корук 1994-ж. уюштурулган аянты 5980 га.


**Нарын мамлекеттик коругу.** Нарын областынын чыгышында, Нарын дарыянын сол өйүзүндө жайгашкан 1983-жылы. 29-декабрда уюшулган. Чоң Нарын менен Кичи Нарындын кошулган жеринен чыгышты карай 11 км аралыктан башталып, Нарынтоонун түндүк бетиндеги токойлуу массивди ээлейт.

**Көл-Төр**: деңиз деңгээлинен 300-3500 метр бийиктикте жайгашкан Ат-Башы районунун алыскы Эки-Бала жайлоосунда жайгашкан, жергиликтүү калк боз үйлөрүн тигип ушул өрөөнгө жайлашат, бул аймакты Кызыл китепке кирген Тоо Эчки Теке, Аркар, Кулжа ж.б. жаныбарлар канаттуулар байырлашат.

**Көл-Суу:** алыскы Аксай өрөөнүндө жайгашкан, деңиз деңгээлинен 3000-3500 метр бийиктикте жайгашкан, Көл-Суу эки зоонун ортосунда орун алып, узундугу 17 километрди түзөт.

**Арашан минералдуу суусу:** Ат-Башы районунун Аксай өрөөнүндө жайгашкан, деңиз деңгээлинен 3000-3500 метр бийиктикте жайгашкан бул суу жер алдынан атырылып чыгып турат, Суу бири биринен 30 км аралыкта жайгашкан эки кайнар булактан турат. Дарылоочу негизги табигый фактору – көмүр кычкыл газдуу (СО2-0,44-1,3г/л), гидрокарбонат-натрий-кальцийлүү суу (минералдануусу 3,5 г/л, температурасы 20°С); суткалык дебити 436 м3. Сууну ичүүгө

жана ичеги-карын, бөйрөк ооруларын дарылоого болот.




Бул ишти иш жүзүнө ашырууда төмөнкү милдеттер аткарылуусу кажет:

- Нарын облусунун рекреациялык ресурстары жөнүндө маалыматтарды чогултуу;
- Облустун тарыхый жана табигый кооз жерлердин негизинде туристтик потенциалды аныктоо;
- Бардык туристтик аймактарды картага түшүрүү максатында аймакка экскурсиялык программаны иштеп чыгуу;
- Туристтик обьектилердин өзгөчөлүктөрүнө жараша маршруттарды иштеп чыгуу;
- Социалдык тармакта «райондук» коммуникация платформасын түзүү;
- Жарнамалык компанияны уюштуруу;
- Китепче иштеп чыгуу жана басып чыгаруу.

Облустун аймагында тур маршрутту иштеп чыгуу менен бирге туризмди өнүктүрүүнүн максаттуу программасын, табигый-экологиялык, маданий-агартуу туризминин программаларын ишке ашыруу зарыл.

**Адабияттар:**

1. Атышов К.А. Дурдумамбетов Ж.К. Экотуризм. - Б., 2004-ж.
2. Долматов Г.М. Международный-туристический бизнес. - Б., 1991.
3. Жыргалбеков Т.К. Кыргызстандын туризм негиздери. - Б. 2012-ж.
4. https://cyberleninka.ru/article/n/turisticheskie-resursy-i-ekoturizm-atbashy-karakoyunskoy-doliny/viewer